# Касым Тыныстанов

1901, азыркы Ысык-Көл району, Кажы Сай кыштагы, - 1938



# Касым Тыныстанов

- кыргыз тил илиминин негиздөөчүсү, азыркы кыргыз адабиятына негиз салгандардын бири, акын, драматург, агартуучу, коомдук ишмер, журналист, биринчи кыргыз профессору

- Алгачкы билимди диний мектептен алган, шаардык (Каракол) орус жергиликтүү мектебинде агартуу интстутунда окуган. "Эркин Тоо" гезитинин жооптуу редактору болуп иштеген.
  1927 - 30 жж. Кыргыз АССР эл агартуу комиссары.
  1928 жылында "Жаны маданият жолунда" журналды уюштурууга катышып 1931 ж. чейин анын жооптуу редактору болгон.
  1931-37 жж. - Кыргыз маданият курулуш институтунда илимий кызматкер, сектор башчысы, директордун милдетин аткаруучу; ошол эле учурда Кыргыз педагогикалык институтунда окутуучу.
  Касым Тыныстанов 1938 ж. репрессиялар учурда атылган.

- кыргыз жазма адабиятын жана илимий тил таануну баштоочулардын бири. Кыргыздын улуттук жазуусун иштеп чыгууга, асыресе араб алфавитин кыргыз тилине ылайыкташтыруу, араб алфавитин латынча, латынчаны орус алфавитине алмаштыруу иштерине катышкан.

- адегенде казакча, кийин кыргызча жазган ырлары Алматы жана Ташкенде казакча чыгуучу газета журналдарга жарыяланып, 1925 жылы «Касым ырларынын жыйнагы» деген ат менен Москвада жарык көргөн.

- Мисалы, улуу манасчы Саякбай Карала уулунун айтуусундагы "Манас" үчилтигин толук жазып алуунун демилгечиси жана уюштуруучусу болгон. "Манас" эпосун орусчага которуу ишине катышкан. Касым Тыныстанов. асым Тыныстанов 1901-жылдын 10-сентябрында Ысык-Көл районунун Чырпыкты айылында туулган. Ата-энесинин тек –жайы , турмуштук абалы жөнүндө так маалымат жок . К.Тыныстанов жөнүндө жазылган макалаларда анын кедей үй-бүлөдөн чыккандыгы айтылса, кээ бир изилдөөчүлөр атасын оокаттуу адамдардын катарына кошушат . К.Тыныстанов 1909-1912-жылдарда Чырпыктыда мусулман мектебинде окуп , андан кийин Сазановка айылындагы өзбек медресесине кирет.1914-1916-жылдары Караколдогу орус-тузем мектебинде окуган. 1916-жылы үркүн учурунда эл менен Кытайга качат .

- Ал Кытайда кандай жашоо өткөргөндүгү тууралуу маалымат жок. 1918-жылы гана кайтып келип көл башындагы Тепке айылында таякелериникинде туруп калган . Тепке айылында жүргөндө ыр дагы чыгара башатаган . 1919-жылы Ташкентге келип , Казак-кыргыз агартуу институтунун даярдоо бөлүмүнө алынган. 1920-жылы Кыргыз агартуу институтунун 1-курсуна кабыл алынган . Ишмердик жолу. К.Тыныстановдун ишмердик жолу институтта окуп жүргөн кезинде эле башталган .Ал 1920-1924-жылдары «θрис» , «Ак-Жол»гезиттеринде , «Жас Кайрат», «Сана» журналдарында кызматкер болгон. 1925-жылы Кыргыз Автономиялуу облусунун Академиялык Борборунун Кыргыз бөлүмүнүн катчылыгына дайындалат. Ал кызматта 1926-жылга чейин иштеп , ошол эле убакта «Эркин-Тоо» гезитинин жоопту редакторунун милдетин да аткарган .

- Касым жаш кезинде кургак учук менен ооруган , бул оорусу 30-жылдардын башында козголгон , дарыгерлердин жардамы менен айыгып жаны эле иштей баштаганда ага «эл душманы » деген жала жабылып , жашоосундагы оор күндөр башталган . «Академиялык кечелер » театрга коюлуп башталганда 1933-жылдын 24-февралындагы жана 6- мартындагы «Кызыл Кыргызстан » гезитинин сандарында А.Токомбаевдин «Академиялык кечеси тууралуу» жана « Академиялык кеченин тыянагы » деген эки макаласы жарык көргөн.Бул макалаларда Касымга карата сындар айтылган .К.Тыныстановду улутчул , панисламизм , пантүркизм идеяларына сугарылган деп анын «Касым ырлар жыйнагы» , «Академиялык кечелер» чыгармаларынын мазмунуна карап гана күнөөлөбөстөн , жаш кезинде алаш ордочулар менен идеялаш болгон деп дагы күнөө коюшкан .1937-жылы Москвадан чакыртылып , эч себепсиз партиядан чыгарылып , 1-августта камалган .

- . 1938-жылдын 5-ноябрында СССР Жогорку Аскер сотунун жабык көчмө сессиясында К.Тыныстановго 1921-жылдан тартып улутчул «Алаш-Ордо » уюмуна , андан кийин буржуазиячыл-улутчул , диверсиялык зыянкеч , «Социалдык –Туран» партиясынын жетекчилик тобуна кирген деген күнөө менен коюлуп , атууга өкүм кылынган .Өкүм тез аткарылып 7-ноябрда атылган . 1956-жылы аялы Турдубүбү тишелүү органдарга кайрылып , 1957-жылы СССРдин Жогорку Аскердик соту 1938-жылдын 5-ноябрындагы чечимин жокко чыгарган . 1958-жылы 22-январда аны партиялык жактан акталган .
-